**Сентябрь айында** “Жаш адис-насаатчы” темасында семинар өтүлүп, жаш адис башталгыч классынын мугалими Абылгазиева К Акматканова Ч бекитилип берилди. Ар бир предметтер боюнча старттык текшерүү иш, тесттер алынып,мониторинг,жыйынтык чыгарылды.

**23 сенябрь кыргыз тилинин майрамынын** бир айлык планы түзүлүп, пландын негизинде иш-чаралар өтүлдү. Мисалы, буклет,реферат,дубал гезиттер жасалып,дилбаяндар жазылып,салтанаттуу линейка өткөрүлүп, өзгөчөлөнгөн окуучулар грамоталар менен сыйланышты.

**Октябрь** айына пландалган шыктуу жана начар окуучулар менен иштөө ар бир предметтер боюнча пландар бекитилип, бир типтүү түзүлдү.

Жалпы коллективдин колдоосу менен ар бир жуманын акыркы жума күнү тарбиялык сааттар өтүлүп келүүдө.

УКнин планында белгиленгендей **ноябрь** айында мектеп ичиндеги предметтик олимпиада өтүлүп, 15 окуучу райондук олимпиадага жолдомо алышып, катышып келишти.

Райондук олимпиадага төмөнкү окуучулар ийгиликке жетишип, байгелүү орундарга ээ болушту:

- Осмонкулова Айсулуу,10 класс, физика, 1 орун;
- Мойноков Тимур, 11 класс, география, 1 орун;
- Каниетова Нуржаз, 11 класс, кыргыз тил, 3 орун;
- Жангазиева Сезим, 11 класс,биология, 2 орун;
- Саитова Жылдыз, 10 класс, химия, 3 орун;
- Алмазбек у Бекназар, 10 класс, алгебра, 3 орун;
- Муктарбекова Диана, 10 класс, кыргыз тил, 3 орун.

**Декабрь** айында Ч.Айтматовдун 90 жылдык маарекесине арналган декада класс жетекчилер, предметниктер менен бирге жогорку деңгээлде өткөрүлдү.

Райондук конкурстарга мектептин окуучулары активдүү катышышты. Жума ичине берилген тапшырмалар: көркөм окуу, сүрөт тартуу, чыгармадан үзүндү сахналаштыруу, обондуу ырлар,дилбаян,эссе,реферат,буклет,дубал гезит чыгаруу тапшырмаларга ар бир класс жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша катышышып, жума аягында 13-14

декабрь күнү жеңүүчүлөр белгиленип, баалуу сыйлык, грамоталар менен сыйланышты.

Чейрек ичинде УК отуруму өтүп, аткарган иштерге анализ жүргүзүлдү.

Чейре ичинде пландалган иш-чаралдын баардыгы мөөнөтүндө аткарылды.

Тажрыйба алмашуу максатында жыл бою график боюнча ачык сааттар өтүлүп туруууда. 3 чейрек ичинде орус тил жана адабият мугалими Ырсалиева М.К. 7 класска, чет тил мугалими Абдраимова Т. 6 класска, башталгыч класс мугалими Сайпидинова А.Б. 3 класска интерактивдүү ачык сааттарды жогорку деңгээлде өтүп беришти.

**Февраль** айында чет тил сабагы боюнча декада өтүлүп, декаданын жыйынтыгы зоналык деңгээлде бышыкталды, "жакшы" деген баа берилди.

"Тил-акыл таразасы" темасына 21 февраль эне тил күнүнө арналган көркөм окуу конкурсу өтүлүп, мыктылар:

- Маликова И;
- Муктарбекова Д. Райондук сынакка жөнөтүлдү, ал эми 7 Б классынын класс жетекчиси Ырсалиева М.К эне тил күнүнө арналган ачык тарбия саат өтүп берди.

Тарых,география,адеп,музыка,коом сабактарынан ачык сааттар өтүлүп, жумалык өттү. Жумалык таланттуу балдардын сүрөт көргөзмөсү менен жыйынтыкталды.

Предметниктер 10-11 класстардан тест алып, билим деңгээлине мониторинг жүргүзулдү.

**Март** айында Ч.Айтматовдун, Л.Толстойдун чыгармаларынын негизинде викторина 5-7 класстар арасында өтүлдү. Окуучуларды залкар жазуучулардын чыгармаларына кызыгуусун арттыруу максатынын негизинде викторина болду.

**Апрель** айында 4 а, б класстарынын 2 баскычка өтүүсүнө байланыштуу кыргыз тил, орус тил, математика сабактарынан тест, жазуу иштери алынып, билим сапаттары аныкталып, маалымдамалар ОББга тапшырылды.

Ушул айда так илимдер УБ жумалыгы өткөрүлдү. Жумалыкка план түзүлүп, кызыктуу өттү, жумалык максатына жетти.

Тарых сабагынан “Акыл ОРдо” оюну 8 класстар арасында өтүп, таймашта байгелүү орунга 8 А класс ээ болду.

**Май** айында мамлекеттик экзаменге, класстан класска көчүрүү экзамендерине даярдык болду.

УК,УБ отуруму болуп,УБ жетекчилеринин чечими менен 2018-2019 окуу жыл 2016-2017 окуу жылына салыштырмалуу жигердүү деп белгиленди. Окуу жылынын башында коюлган көйгөй “ Инновациялык ыкмалар аркылуу сапаттуу,компетенттүү билимге жетишүү” – көйгөйдүн үстүндө иш жүргүзүлдү. Жыл ичинде аткарылган иш-чаралар “канааттандыраарлык” деп белгиленди.

**УК жетекчиси: Тентимишева Г.А.**

**Шабдан Ата атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин**
**Усулдук кеңешменин SWOT- анализи**
**2018-2019 окуу жылы.**

| **Күчтүү жагы( жетишкендиктер)** | **Алсыз жактар** |
|---|---|
| 1.Тажрыйбалуу мугалимдердин 70% түзүшү. | 1. Сырттан окуган жаш мугалимдердин практикалык билим жетишсиздиги. |
| 2. Олимпиадалардан район ичинде байгелүү орундарга жетишкендиктерибиз. Мисалы: чет тилден, орус тилден Макешова Рано, 2 орун, 10 А класс. | 2. ТСО, интерактивдүү декаданын жоктугу. |
| 3. Окуучуларга стимулдук стипендиялардын берилиши. | 3. Окуучулардын билимге тырышчаактыгынын алсыздыгы. |
| 4. "Сапаттуу билимге умтулуубуз, изденүүбүз, ийгиликтер". | 4. Ата-энелер менен мектептин байланышынын алсыздыгы. |

| **Мүмкүнчүлүктөрү** | **Коркунучтары** |
|---|---|
| 1. Компьютерде шыдыр иштөөгө үйрөнүү. | 1. Окуучулардын азайышы, 9 класстан кийин кеткен окуучулардын % көбөйүшү. |
| 2. Окуу программасынын мерчемделиши. (Предметтик, практикалык, лабораториялык иштердин аткарылышы). | 2. Курал-жарактардын аздыгы. |
| 3. Шыктуу,начар окуган окуучулар менен тыкыр иштөө. | 3. Убакыттын аздыгы. |
| 4. Кошумча булактардан жардам алуу.( Спонсордук жардам). | 4. Жергиликтүү органдардын көңүл коштуктары. |

**Шабдан Ата атындагы орто мектебинде тарых,география,чийүү,дене тарбия жана музыка предметтери боюнча усулдук бирикменин 2017-2018-окуу жылына карата бир жылдык аткарылган иш-чаралардын**

**Маалымдамасы**

Усулдук бирикменин кеңеши өткөрүлүп,2017-2018-окуу жылына карата бир жылдык план иштелип чыгып,талкууга алынып жана администрация тарабынан бекитилди.

2016-2017-окуу жылында өз убагында аткарылбай калган иш-чаралар сунуштун негизинде кайрадан планга киргизилди.

Сентябрь айында футбол уюштурулган жок.Ноябрь айында кичи футбол оюну 8-11-класстар арасында өткөрүлүп,төмөнкүдөй орундарга ээ болушту.

Эркек балдар арасында:

1-орун-8-а кл,2-орун-10-б кл,3-орун-11-а кл

Кыз балдар арасында:

1-орун-9-б кл,2-орун,11-а,б кл,3-орун-9-а кл.

Предметник мугалимдер тажрыйба алмашуу иаксатында өз ара сабакка катышып жатышты.

2-чейрекке карата ноябрь айында жогорку класстарда олимпиада өткөрүлүп,жеңүүчүүлөр Шабдан Ата атындагы орто мектебинде уюштурулган Чон-Кемин өрөөнүнүн мектептер арасындагы олимпиадасына жолдомо алышты.Натыйжада тарых сабагы боюнча 2-орун алган сатарова Медина райондук олимпиадага активдүү катышып 3-орунга татыктуу болду.география сабагынан 11-а классынын окуучусу УрстөновТултемир өрөөндөн 2-орун,райондон да 2-орунга татыктуу болду.

Декабрь айында “Ыйман,адеп жана маданият”жылына карата тегерек стол 9-11-класстар арасында уюштурулду.

3-чейректе коюлган ачык сабак өтүлбой калды.Себеби география мугалими Ырсалиев К.М ден-соолугуна байланыштуу өтүлгөн жок.

Мектеп ичинде баскетбол,валейбол таймаштары өткөрүлүп,өрөөндө уюштурулган оюндарга катышышты.Натыйжада баскетбол боюнча райондон

биринчи орун алышты.Айдаралиев.Т.М 11-а классынын окуучусу Абдымусатов Назарбекти машыктырып,бокс боюнча райондон биринчиликти багындырышты.

Март айынын 12-16-мартына чейин УБнын жумалыгы эң жакшы уюштуру-луп өткөрүлдү.Планга коюлган иш-чаралар толугу менен аткарылды.

2-чейректе география жана тарых сабагы боюнча билим денгээли текшерүү максатында зээндүү окуучулардын катышуусу менен 30-апрелде “Акыл ордо”оюну өткөрүлдү.Жыйынтыгында 1-орунга 8-а классынын оккучусу Батырбек у.Арсен,2-орунга 6-а классынын окуучусу-Майданова Айгүл татыктуу болду.оюнду тарых мугалими Карагулова А.А өткөрдү.

**Сунуштар:**

1.Өтүлбөй калган ачык сабактар келээрки окуу жылынын планына киргизүү.

УБнын жетекчиси:________Карагулова А.А

УБнын катчысы:__________Бейшенбаев.А

Шабдан Ата атындагы орто мектебинин тарых,география, коом,сүрөт.дене тарбия,музыка усулдук бирикмесинин 2017-2018-окуу жылына карата SWOT анализи.

| Күчтүү жактары | Алсыз жактары |
|---|---|
| 1.Жыл башында пландаштырылган иш-чаралардын өтүлүшү.Спорттук тесттерди алуу.<br>2.УБнын иш-планы боюнча тарых жана география сабактары боюнча олимпиада өткөрүлүп окуучулар байгелүү орундарга ээ болушту.<br>3.Тарых,геогрфия,адеп,музыка,сүрөт, Эмгек,коом сабактарынын жумалыгында окуучулардын билимин текшерүү.<br>4.Дене тарбия сабактан баскетбол боюнча класстар аралык таймаш өткөрүү менен мыкты окуучуларды аныктап таймашка даярдоо болду.<br>5.Акыл таймаш сынагы бирикменин мүчөлөрү өткөрүлдү.Окуучулардын билимин текшерүү | 1.Жыл башында окуучулардын билимин текшерүүдө билимдеринин алсыздыгы.<br>2.Окуу куралдардын жетишсиздиги.олимпиаданын 3- туруна катышпай калгандыгыбыз.<br>3.Сүрөт сабагынан мугалимдин жоктугу.Мугалим,инструменттердин жоктугу.<br>4.Спорттук каражаттардын жетишсиздиги.<br>5.Сынакта окуучулардын китеп көп окубагандыгы. |
| Мүмкүнчүлүктөрү | Коркунучтары |
| 1.Окуучулардын билимин текшеруу.Старттык-иштерди алуу.<br>2Окучулардын олимпиадага даярдоо.<br>3.Предметтик сабактардын жумалыгында окуучулардын билимин жогорулатуу.<br>4.Спорттук таймаштарды көтөн өткөрүп туруу. | 1.Шыктуу окуучулар менен жеткиликтүү иштөө коомго алынбагандыгы.<br>2.Предметтик жумалыктарды өткөрүүдө окуучулардын пассивдүүлүгү.<br>3.Окуучулардын коопсуздугун сактоо. |

Шабдан Ата атындагы орто мектебинин башталгыч класстарынын Усулдук Бирикмесинин 2018-2019-окуу жылында түзүлгөн иш –пландын негизинде аткарган иштери боюнча бир жылдык отчету.

Окуу жылынын башында Усулдук Кеңешме болуп бир жылдык иш план иштелип чыккан. Жыл ичинде пландын негизинде баардык иш чаралар өз убагында өтүлүп турду. Өтүлгөн иштерге маалымдамалар жазылып папкага салынды.

1. Август айында усулдукбирикмесинин бир жылдык планы түзүлүп,уюштуруу иштери жүргүзүлүп кеңешме өткөрүлдү. План түзүлүп пикир алмашуу болду.
2. Сентябрдын башында кыргыз тили,орус тили жана математика сабактарынан старттык жазуу иштери алынды.
   23-сентябрь Кыргыз тил күнүнө карата “Эне тилим-эне сүтүм”деген темада салтанаттуу линейка өткөрүлүп маалымдама жазылып,талкуу жүргүзүлдү.Активдүү катышкан класстарга ,окуучуларга мактоо баракчасы берилип,кээ бир окуучуларга белектер берилди.
3. Өз ара сабакка катышуу иши жыл бою аткарылып турат. Жаш мугалим Абылгазиевага насаатчы болуп АкматкановаА.дайындалды.
4. “Китепти таза сактайлы” деген темада сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп 1-4-класстарга линейка өтүлуп,ар бир окуучуга китепти таза сактоого милдеттендирилди.
5. Усулдук бирикменин кеңешмесинин отуруму болуп I чейректе өткөрүлгөн иш чараларды анализдөө иши жүргүзүлдү.
   2-4- класстарда окуу техникасы текшерилип маалымдама жазылды.
6. Шыктуу жана начар окуган окуучулар менен иш алпаруу иши боюнча ар бир класстын мугалими план түзүп,окуучулардын тизмеси түзүлүп,папка ачып иш алып барып,ар бир чейректе отчетторун жазышып завучка өткөрүшүп турушту.
   4-а класста математикадан ачык сабакты Акматканова А. Өттү. 4-б класста математикадан Джумабаева Э.математикадан көрсөтмөлүү ачык сабак өттү.
7. Январь айында “Бирге окуйбуз”долбоору боюнча Кыргыз тилинен декада өткөрүлдү.
   “Спорт ден соолуктун булагы” деген темада окуучуларды тоого экскурсияга алып барып муз тептик.
   Кыргыз тил,адабий окуу жана математикадан олимпиада өткөрүлдү.
8. Көрсөтмөлүү ачык сабактар 3-а кыргыз тил сабагынан Кыйсаева Б. 3-б классында русский языктан Сайнидинова А.өттү.
9. Март айында ачык сабак адабий окуудан 2-а класста Айдралиева А. өттү. Усулдук бирикменин кеңешмесинин отуруму болду.
   Отурумда “Бирге окуйбуз” долбоору боюнча жумалыктын жана ачык сааттардын өтүлүшүнө анализ берилди.

10. Апрель айында окуу техникасы 1-4 кл. Текшерилип жыйынтык чыгарылды. 2-б класста чтениеден ачык сабакты Сайнидинова А. өттү. Анализ берилип, маалымдама жазылды.

Май айында 1-а,б классында”Кош алиппе!” деген темада алиппе майрамынАбылгазиева Н.жана Нуралиева Т. өттү.Маалымдама жазылды.Анализ берилди.

Жыл аягында Усулдук бирикменин кеңешмесинин отуруму болуп, жыл бою иштелген иштин жыйынтыгы чыгарылды.

Шабдан Ата атындагы орто мектебинин башталгыч класстарынын усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылына карата SWOD анализи .

| **S-Күчтүү жактар(ийгиликтер)** | **W-Алсыз жактары(кемчиликтери)** |
| --- | --- |
| 1.План боюнча сабактар өтүлүп,жаңы интерактивдүү ыкмалардын негизинде окуучуларга кеңири маалымат берүүбүз. | "Бирге окуйбуз" долбоорун өздөштүрүп, заманбап ыкмаларды пайдаланып сабак өтүү. |
| 2.Шыктуу окуучулардын өз алдынча иштөөдө ийгиликтерге жетишүүсү. (I-баскычтан II-баскычка өтүүдө шыкты окуучулардын жетишкендиктери. | Начар окуган окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун артыруу,кызыктыруу. |
| 3.Планда бекитилген жумалыктын көрсөтмөлүү өтүлүшү. | Окуучуларды өз алдынча, топто иштөөгө көнүктүрүү. |

| **O-Мүмкүнчүлүктөрү** | **D-Коркунучтары** |
| --- | --- |
| 1."Бирге окуйбуз" долбоорун өздөштүрүп, аны практикада колдонуу. | Адабий чыгармаларга кызыкпайт жана ошол чыгармаларды окубагандыгы. |
| 2.3-4-класстардын арасында олимпиадага даярдоо. | Шыктуу окуучулар менен иштөөдө кошумча убакыттын тардыгы. |
| 3.Ар тараптуу сабактар менен жумалык өткөрүү. | Окуучулардын кабыл алуу деңгээлии (көнүл буруусу)азыраак. |

**Шабдан Ата атындагы орто мектебинин так илимдер усулдук бирикмесинин 2018-2019 окуу жылында иштелген иштердин жыйынтыгы боюнча анализ.**

Так илимдер усулдук бирикмесинде сентябрдан май айына чейиң бир жылга план түзүлүп бекитилген. Жыл бою төмөнкүдөй иш-чаралар жүргүзүлдү.

Сентябрь айында ар бир предметтик мугалим берген сабактары боюнча календардык план түзүп, 15-сентябрга чейин текшерилип бекитилген. План боюнча, предметтер боюнча дубал-газета бурчтары жаңыртылып чыгарылды. Башталгыч класстан жогорку баскычка өткөн 5-класстарынын окуучуларынын билим сапаты текшерилип, жыйынтыгы пед.кеңешмеде каралып, талкууланды. Предметтер боюнча старттык тест, текшерүү иштер алынып, талкууланды. Октябрь айында шыктуу балдар менен иштөөнүн планын ар бир мугалим түзүп, бекитилди. Ачык көрсөтмөлүү сабактардын графиги түзүлүп, бекитилди, чейрек сайын анализ жүргүзүлүп, завучка отчет берип турушту. Ноябрь айында 7 – 11 класстар арасында математика, физика, биология, химия, ОИВТ предметтери боюнча мектеп ичинде олимпиада өткөрүлүп, жыйынтыгы чыгарылып, январь айында райондук олимпиадага катышып, райондук олимпиададан, математикадан Алмазбек уулу Бекназар – 10 класс – 3 орун, химия сабагынан – Саитова Жылдыз – 2 орун биологиядан Жангазиева Сезим – 2 орун, физикадан 10 класс – Осмонкулова А – 1 орун ээлешкен. Корсотмөлүү ачык сабактар декабрь, февраль айларында өтүлдү.

7.12 – Сулайманова Г.Б. – 8-б класс

18.12 – Айткулиева К.С.- 6-а

6.02 – Окишова К.И. – 8-а класс жетекчилер.

Чейрек сайын усулдук бирикменин кеңешмеси өтүлүп,жыйынтыгы чыгарылып, толуктоолор, пландаштыруулар болуп турду.

Декабрь айында 9-а,б класстарынын билим сапатын текшерүү жүрүп, жыйынтыгы пед.кеңешмеде каралды. 23-январь айында,"Калыптандыруучу баалоонун критерийлери" боюнча семинар - Айткулиева өттү. Жаш мугалимдерге тажрыйба жайылтуу бюнча жакшы семинар болду. Февраль айында өтүлө турган "Акыл ордо" конкурсу предметтер боюнча өтүлбөй калды, эмки окуу жылында 1-чейректе өтүлмөй болду.

Ошондой эле физика сабагынын берилиши жана окуучулардын билим өздөштүрүүсү, ачык сабак мугалимдин себептүү жок болгондугуна байланыштуу мартта өтүлбөй калды, эмки окуу жылында өтүлөт.

Ошондой эле предметтик математика жумалыгы да өтүлгөн жок.

Апрелде экзамендик тапшырмалар талкууланып, бекитилди. Жыл жыйынтыгы чыгарылды.

Усулдук бирикменин жетекчиси: А.А.Кармышева

Шабдан Ата атындагы орто мектебинин так илимдер усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылына карата SWOT анализи.

| **Мүмкүнчүлүктөрү** | **Коркунучтары** |
|---|---|
| Биздин жетишкендиктерге сабак өтүүдө ТСО колдонгонубуз, тажрыйба алмашуубуз | ТСОнун жетишсиздиги |
| Замандын талабына жараша техникалык каражаттардын түрлорун колдоно билүү | Ар бир сабакты ТСО колдонуу менен өтө албастыгыбыз |
| КАОго барып, мугалимдер өз билимдерин өркүндөтүү | 5 жылда бир билимин жогорулатууга барышы |
| Теориялык билимди практикалык иштер менен бекемдөө | Лабораториялык иш аткарууга прибор,реактивдердин жоктугу |

| **Күчтүү жактар( ийгиликтер)** | **Алсыз жактар( кемчиликтер)** |
|---|---|
| Мугалимдердин баардыгы сапаттуу билим аркылуу сабак бере алышыбыз | Техникалык каражаттарды дайыма сабакта колдонууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу |
| Райондук олимпиадада жакшы көрсөткүчтөргө жетишкендигибиз | Окуу китептеринин жетишсиздиги |
| Олимпиаданын жеңүүчүлөрү менен сыймыктанышыбыз | Шыктуу окуган окуучулар менен иштөөдө убакыттын аздыгы |
| Так илимдердин жетишкендиктери менен сыймыктанышыбыз | Так илимдер боюнча кружоктун жоктугу |

Усулдук бирикменин жетекчиси: А.А.Кармышева

Шабдан Ата атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты Усулдук Бирикмесинин 2018-2019-окуу жылында түзүлгөн иш-пландын негизинде аткарган иштери боюнча бир жылдык анализ-отчету

Окуу жылынын башында Усулдук Кеңешме болуп анда бир жылдык иш план иштелип чыккан. Жыл ичинде пландын негизинде баардык иш- чаралар өз убагында өтүлүп турду. Өтүлгөн иштерге маалымдамалар жазылып папкага салынды. Окуу жылынын башында эле шыктуу окуучулар менен иш алып баруу, бир жылдык план түзүп бекиттирүү, ошондой эле бирден окуучуну райондук олимпиадага даярдоо ар бир предметтикке милдеттендирилди. Начар окуган, сабакка жетишпеген окуучуларды сабакка кызыктыруу, өзүнчө иштөө маселеси талкууланды.

Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына арналган "Эң мыкты эссе","Эң мыкты поэзия" сынагына 8-11-класстын окуучулары катышышты.,,Эң мыкты эссе" жазуучу деп 7-класстын окуучусу Майданова Айгүлдүн эссеси тандалды . ,,Эң мыкты поэзия" сынагынын жеңүүчүсү 7-а класстын окуучусу Беделбаева Айдана аталды.

23-сентябрь-Мамлекеттик тил күнүнө карата ,,Улут болсом тилим менен улутмун" аттуу иш-чара болду. Бир айлык жарыяланды. Окуучулар берилген тапшырмаларды өз убагында аткарышып, активдүү катышышты . ,,Мамлекеттик тилдин келечеги жаштарда" аттуу сынак 5-9-класстар арасында өткөрүлдү. Сынактын жүрүшү тууралуу мугалимдер өз ойлорун ортого салышып, маалымдама жазылды, талкуу жүргүзүлдү. Жылдагыдай эле окуу жылынын башында көрсөтмө куралдарды толуктап, жаңылап алдык.

"Өнөр алды-кызыл тил" деген темада фольклордук чыгармалар боюнча 5-8-класстар жомокторду аткарышты. Ноябрь айынын 11-17-ноябрда олимпиаданын 1-туру болуп өттү.Белгилүү болгондой 10-11-класстын окуучуларынан жеңүүчүлөр, 2-турга катышышты. Алар: 11-а класстан Каниетова Нуржаз, 10-класстан Муктарбекова Диана олимпиаданын 2-туруна катышышты. Эки окуучу тең 3-орунду алышты.

Ч.Айтматовдун 90 жылдыгына карата ,,Өткөндү эстеп, келечекти күтө билгендигибиз үчүн биз барбыз" деген темада жумалык декада болду. Декаданын планы түзүлгөн. Анын негизинде иштер аткарылды. Ачык сааттар өтүлдү, анализдер берилип, маалымдамалар жазылды. 21-февраль эл аралык күнун белгиледик. Окуучулар өз эне тилинин ыйыктыгын даңазалашып, ырлардан көркөм окушту. Көркөм окуу 3 тилде өтүлдү.

"Кыргыз тилим кылымдарды карыткан, эч ким өчүрө албайт тарыхтан" 8-11-класстар арасында улуттук каада-салттарды чагылдыруу болду.

Бөлүнгөн салттарды кыргыз-орус класс дебестен аткарып беришти. Мамлекеттик тил боюнча(окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн) "Ырдайлы кыргыз ырларын" аттуу сынак болуп өттү. Орус улутундагы окуучуларыбыз кыргыз тилинде ырларды ырдашты. Апелдин 22-де ,,Мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө кошкон салымым" аттуу сабак-викторина болуп өттү. Ал предметтик мугалимдер тарабынан ишке ашырылды.

2018-2019-окуу жылына түзүлгөн пландын негизинде баардык иштер өз убагында так жана даана аткарылды. Көчүрүү экзаменинен кыргыз тилинен экзамен тапшырышты.9-11-класстарыбыз мамлекеттик экзамендерди ийгиликтүү тапшырып алышты. 2018-2019-окуу жылына түзүлгөн пландын негизинде баардык иштер өз убагында так жана даана аткарылды.

УБ нин жетекчиси: Ч.А.Сариева

УБ нин жетекчиси: К.О.Тилепбергенова

Шабдан Ата атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылына карата SWOT анализи.

| Мүмкүнчүлүктөрү | Коркунучтары |
|---|---|
| “Эң мыкты эссе”,”Эң мыкты поэзия” сынагына катышуу | Көркөм сөз каражаттарынын сүйлөө кебибизде аз колдонулушу |
| Көркөм окуу конкурсуна катышуу | Конкурстарга кызыгуунун жоктугу |
| Башталгыч класстар менен тил [illegible]тыруучу көнүгүүлөрдү көп өткөрүү | Фольклор боюнча китептердин жетишсиздиги |
| Кыргыз тили жана адабияты [illegible]ыктарын жогорку деңгээлде өткөрүү | ТСОну баардык мугалимдер колдоно албастыгы |

Шабдан Ата атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылына карата SWOT анализи

| Күчтүү жактар( ийгиликтер) | Алсыз жактар( кемчиликтер) |
|---|---|
| Ч. Айтматовдун 90 жылдык юбилейин райондук деңгээлде өткөрүү | Музыкалык аспаптардын жоктугу |
| “Кыргыз тили кылымдарды [illegible]кан,эч ким аны өчүрө албайт [illegible]тан” 9-11-класстар арасында [illegible]к каада-салттарды чагылдыруу [illegible]гөсү | Каада- салттардын унутта калып бара жаткандыгы |
| Олимпиаданын 2-туруна катышып, [illegible]рбекова Диана жана [illegible]това Нуржаздын байгелүү [illegible]лып келишти. | Олимпиаданын 3-туруна жолдомо ала албай калгандыгыбыз. |
| [illegible] дүйнөлүк театр күнүнө карата [illegible] класстын окуучуларынан [illegible]өн топ менен “Эне уулун [illegible]ат” пьесасын коюп, областтык [illegible]катышкандыгыбыз. | Окуучулардын интернет түйүндөрүнө байланышып жаткандыгы |

**SWOT-анализ** работы метод секции русского, английского языков за 2018-2019 учебный год средней общеобразовательной школы имени Шабдан-Ата

| **S Сильные стороны** | **W Слабые стороны** |
|---|---|
| 1. Опытные учителя с большим стажем работы ( Байсекеева, Тентимишева, Ырсалиева)<br>2. Участие в районной олимпиаде. 3-е место по русскому языку Макешова Рано 10-А класс. Учитель Тентимишева Г.А. 2-е место по английскому языку. Учитель: Абдраимова Т.Т. | 1. Несвоевременное выполнение заданий (Кудайкулова С.М.)<br>2. Ошибки при проверке рабочих тетрадей. |
| **O Возможности** | **T Риски** |
| 1. Повышение квалификации учителей ( Кудайкулова С.М, Тентимишева Г.А.) | 1.Отсутствие мотивации для изучения русского языка |

**2019-2020 окуу жылынын Шабдан Ата атындагы орто мектебинин жалпы усулдук бирикмесинин жылдык отчету.**

***Окуу жылынын башында,*** август айында жалпы усулдук кеңешменин отуруму болуп, кеңешменин жүрүшүндө окуу жылына “Маалыматтык технологиялар, электрондук билим ресурстары аркылуу, окуучулардын компетенциялык билимине жетишүү” – көйгөйдү коюп, план түзүлүп бекитүүгө сунушталды.

***Сентябрь айында*** жаш адис Акматылдаева Ж. тажрыйбалуу мугалим Акматканова А. бекитилди. Окуучулардын баштапкы билиминин мониторингин түзүү максатында предметтик старттык иштер алынды.

Кыргыз тилине арналган декада өтүлдү.

***Октябрь айында*** интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен шыктуу, начар окуучулар менен иштөөнү колго алып, жандандыруу аткарылды.

***Ноябрь айында*** пландаштыргандай эле мектеп ичинде предметтик олимпиада өткөрүлдү. Физика боюнча предметтик декада эң жогорку дэңгээлде өткөрүлдү. Физикага кызыккан окууучулар активдүү катышып, сыйлыктарга ээ болушту. Мисалы: Осмонкулова А – 11 класс, Аблабекова И -10 класс.

***Декабрь айында*** план боюнча “ Ч.Айтматов – аалам” темасында жазуучунун чыгармачылыгынын негизинде окуучуларды адептүүлүккө, ыймандуулукка үндөө максатында декада өткөрүлдү.

***9 А, Б класстарынын*** жалпылоочу текшерүү өтүлдү, мониторинг түзүлдү.

Олимпиада, декадалардын жыйынтыктарын усулдук бирикмелер отурумдарда карап, отчетторду жазышты.

***Январь айында*** окуучулардын химия предметине кызыгуусун арттыруу максатында химия предметинин иш декадасы өтүлдү.

***9-11 класстарынан*** предметтик тесттер алынып, мониторинг түзүлдү.

***Январь айында*** Усулдук кеңешменин отуруму болуп, 1-2 чейректин жыйынтыгын анализдеп, чечимдер кабыл алынды.

Тажрыйба алмашуу максатында план боюнча, жыл бою коюлган график боюнча ачык сааттар өтүлүп жатты.

***Февраль айында*** чет тил, орус тил сабактары боюнча декадалар өтүлдү.

Декадалар конкурстарды, викториналар, кроссворддор, тесттер, ачык сааттарды камтып, жогорку дэңгээлде өтүлдү.

21- февраль эне тил күнүнө арналган көркөм окуу сынагы өтүлдү.

***Март айынын*** биринчи он күндүгүндө математика предмети боюнча декада өтүлүп, математик мугалимдер жогорку дэңгээлде ачык сааттарды өтүштү.

***16.03.2020*** жылдан баштап мезгилсиз каникул башталып, 08.04.2020 жылдан баштап карантиге байланыштуу калган иш-чаралар онлайн түрүндө өттү.

***Апрель, май айларына*** пландалган иш-чаралар: орус тилинде окуган класстар арасында “ Книжная викторина”, 10-11 класстар арасында тест, “ Улуу жеңиш – 75 жыл ! ” онлайн түрүндө өтүлдү. РайОНО тарабынан берилген темалар: “ Исхак Раззаковдун 110 жылдыгы”, “ Энелер күнү”, “1 июнь- балдарды коргоо күнү” онлайн режиминде ачык сааттар өтүлдү.

Май айында Усулдук кеңешменин отуруму болуп, жыл бою иштелген иштерди канааттандыраарлык деп белгилөө чечими сунушталды.

**УК жетекчиси:** **Тентимишева Г.А.**

**Шабдан Ата атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин**
**Усулдук кеңешменин SWOT- анализи**
**2019-2020 окуу жылы.**

| **Күчтүү жагы( жетишкендиктер)** | **Алсыз жактар** |
|---|---|
| 1. Коллективдин 100 % билимдүүлүгү. Педагогикалык жамааттын компетенттүүлүгү. | 1. Методикалык китептердин аздыгы. |
| 2. Көркөм окуу сынактарына сахналаштырылган сабактарды өтүүбүз. | 2. Ата-энелердин мектеп менен байланышынын алсыздыгы. |
| 3. Долбоорлордун негизинде райондун деңгээлинде ачык сабактарды өтүү. | 3. Онлайн окууга өтүүбүз. |
| **Мүмкүнчүлүктөрү** | **Коркунучтары** |
| 1. Технология, инновациялык билимди өркүндөтүү. | 1. Окуу техникасынын нормасына жетпей, алар менен иштөөдө убакыттын аздыгы. |
| 2. Билим өркүндөтүү менен бирге өздүк портфолиону толуктоо. | 2. Иш кагаздарын толтурууда убакыттын аздыгы. |
| 3. Интерактивдүү ачык сааттарды өтүү менен бирге жайылтуу, YOUTUBE жүктөө. | 3. Айыл жергесинде интернеттин иштөөсүнүн начарлыгы. |
| 4. Мугалимдерди ишмердүүлүгө жараша сыйлоо, белгилөө. | 4. Мугалимдерди сыйлоодо критерий, чек коюлганы. |

Анализ-отчёт

О проделанной работе метод.секции русского языка и английского языка за 2019-2020 учебный год.

За прошедший учебный год были проделаны следующие мероприятия. 26 августа было проведено первое заседание метод.секции. Темой этого заседания было обсуждение плана работы на новый учебный год. Общая проблема секции: формировании е информационной и коммуникативной компетентности учащихся и применение знаний на практике.Запланировали проводить заседания каждую четверть. На каждое заседание была определена тема.

В сентябре провели стартовые диктанты во всех классах. Также провели мероприятия посвящённые дню Гос.языка (рефераты,буклеты, декламация, стен.газеты и др). Выпустили стен.газету посвящённую 115-летию со дня рождения Н.А.Островского. В октябре было запланировано проведение открытого урока (Ырсалиева), но по объективным причинам урок не состоялся. В ноябре месяце по плану была проверка словарного запаса в 1-4 классах, проведение школьной олимпиады. Отчёты прилагаются. В декабре был проведён открытый урок (Кудайкулова) и заседание метод.секции. Тема: Проверка рабочих тетрадей. Замечания и ошибки при проверке тетрадей были сделаны устно каждому учителю и сданы в письменном варианте завучу. В январе провели тестирование в 9х классах. Байсекеева С.А должна была провести открытый урок в январе, но она его провела в феврале. В феврале месяце были проведены декады русского и английского языкам. Декады были проведены на высоком профессиональном уровне. В течение 10 дней ученики писали словарные диктанты, учили стихотворения, решали кроссворды и ребусы, выпускали стен.газеты о писателях-юбилярах. Байсекеева и Абдраимова провели открытые уроки по

…ийскому языку. Тентимишева Г.А провела открытый урок в 5б …лассе. Молодые учителя многому научились у опытного учителя. В марте начались преждевременные каникулы в связи пандемией коронавируса. С 8апреля начались онлайн-уроки. По плану было проведение книжной викторины, посвящённой 205-летию со дня рождения Лермонтова, тесты среди 10-11 классов, 75-летие победы ВОВ, 110-летие со дня рождения Раззакова, день матери,последний звонок и др. В мае должны были провести проверку словарного запаса в 1-4 классах. В связи с пандемией эти мероприятия не провели.

Руководитель метод.секции:

Ырсалиева М.К_________

10.06.20г

**SWOT-анализ** работы метод секции русского, английского языков за 2019-2020 учебный год средней общеобразовательной школы имени Шабдан-Ата

| **S Сильные стороны** | **W Слабые стороны** |
|---|---|
| 1. Активное участие во внутришкольной олимпиаде по русскому языку, английскому языку<br>2. Проведение открытых уроков с использованием новых методов обучения (Тентимишева Г.А.)<br>3. 3-е место в районной олимпиаде по английскому языку. Исманалиева А. 10-А класс. Учитель: Абдраимова Т.Т. | 1. Недостаток посещения молодых учителей уроков опытных педагогов.<br>2. Больше внимания уделять словарному запасу слов в 1-4 классах<br>3. Переход к онлайн обучения в связи с карантином. |
| **O Возможности** | **T Риски** |
| 1. Обучение компьютерной грамоте. | 1. Отсутствие интереса в изучении русского языка с учетом реалии современной жизни. |

Шабдан Ата атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты Усулдук Бирикмесинин 2019-2020-окуу жылында түзүлгөн иш-пландын негизинде аткарган иштери боюнча бир жылдык анализ-отчету

Окуу жылынын башында Усулдук Кеңешме болуп анда бир жылдык иш план иштелип чыккан. Жыл ичинде пландын негизинде баардык иш-чаралар өз убагында өтүлүп турду. Өтүлгөн иштерге маалымдамалар жазылып папкага салынды.

23-сентябрдан 3-октябрга чейин кыргыз тили жана адабияты боюнча 10 күндүк жумалык болуп өттү. Жумалыктын планы иштелип чыгып,бекитилген. Ачылышы 23-сентябрь Мамлкеттик тил күнүнө карата иш-чара менен ачылды. Иш-чараны 9-б класс алып барды,класс жетекчиси-К.О.Тилепбергенова . Өздөрү орус класс болушса дагы, кыргыз тилине кайдигер эмес экендиктерин, эне тилин сүйөөрүн далилдешти.Кыргыз тилинде ырларды көркөм айтышты. Комузда күү ойнотушту.Сценканы да кыргыз тилинде аткаруу менен корүүчүлөрдүн купулуна толду.

Андан соң 24-сентябрда" Улут болсоң-наркыңды бил"-деген теманын үстүндө класс жетекчилер арасында суроо-жооп болуп өттү.Ага кыргыз тили мугалими-Ч.А.Сариева жооптуу болду.

25-сентябрда 8-9-класстар арасында " Тил тагдыры-эл тагдыры"-деген темада дилбаян жаздырылды. Жооптуу Ж.С.Канкулуева болду.Жыйынтыгында эң мыкты дилбаян жазган 8-а класстын окуучусу-Ж.Майданова деп табылды.

26-сентябрда 5-11-класстар арасында "Көп улуттун урпагын көөдөнүнө батырган жери сонун кыргыздын "деген темада кыргыз тилин даңктаган ырларды көркөм айтышты. Жыйынтыгында эң мыкты көркөм айтуучу деп 5-а класстын окуучусу-К.Мелисова болду.

27-сентябрда 7-а класска Ч.А.Сариева класстык ачык тарбия саат өттү.Сабакка катышкандар сабакты канааттандырарлык деп табышты.

30-сентябрда кыргыз тили жана адабияты мугалими-Ж.С.Канкулуева 5-а класска "Сөз айкашы"деген темада ачык сабак өттү. Сабактын жыйынтыгын канааттандырарлык деп табышты.

1-октябрда кыргыз тили жана адабияты мугалими К.О.Тилепбергенова 5-б класска макал-ылакаптар(дидактикалык чыгармалар )деген темада ачык сабак өтүп берди.Сабакты канааттандырарлык деп баалашты.

2-октябрда предметтик мугалимдер 10-11-класстарга "Сабакты жакшы билишим,тилиме кошкон үлүшүм" деген темада тегерек стол өтүштү. Ага 12 окуучу катышышты,суроолорго так жооп берүүгө аракеттенишип, активдүү , мыкты көрсөткүчтөргө жетишишти.

3-октябрда жыйынтыктоо болду.Анда активдүү катышкандарга грамота жана чакан белектер тапшырылды.Грамота алгандар:9-б класс

5-а класстын окуучусу К.Мелисова

5-б класстын окуучусу И.Токсонов

8-а класстын окуучусу Ж.Майданова

15-ноябрда 3-8-класстар арасында "Манасчылар" аттуу конкурс болуп өттү.

Конкурстун максаты окуучуларду манасчылык өнөргө кызыктыруу жана манас дүйнөсүнө сиңгип кирүү. Конкурс өттү, жыйынтыгында эң мыкты манасчы номинациясынын ээси-5-б класстын окуучусу Токсонов Идин болду. Ал окуучуга мектептин граммотасы берилди.

19-20-ноябрда мектеп ичинде класстар аралык олимпиада болуп өттү. Предметтик мугалимдер өз убагында өткөрүшүп,жыйынтык чыгарышты. Натыйжада олимпиаданын 2-туруна мамлекеттик тил боюнча 10-б класстын окуучусу А.Базарбекова,10-а класстан А.Канатбекова жана 11- класстан Д.Муктарбековалар барып катышмак болушту. Райондук олимпиададан мамлекеттик тил боюнча 10-б класстын окуучусу А.Базарбекова 1-орунду ээлеп 3-турга жолдомо алды.

12-декабрда Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата "Ааламга жол айылдан башталат"атту эскерүү кечеси жана адабият күнү белгиленди. Буга 5-11-класстын окуучулары катышышты. Улуу жазуучуну эскерүү менен башталып, адабият боюнча викторина менен аяктады. Мында Чоң-Кемин өрөөнүнөн чыккан акын –жазуучулар менен жакындан таанышып, ырларынан үзүндү көркөм айтуу менен коштолду. Ч.Айтматов тууралуу слайд көрсөтүлүп, ага арналган ырлар окулду.Ошондой эле окуучулар "Бетме-Бет", "Биринчи мугалим" чыгармаларынан үзүндү сахналаштырып көрсөтүштү. План боюнча декабрь айында Ж.Канкулуева 5-а класска ачык саабак өтмөк, бирок ал сабак сентябрь айында 10 күндүк жумалыкта өткөрүлгөн. Мамлекеттик тил боюнча түзүлгөн иш-пландын негизинде "Өнөр алды кызыл-тил" жана "Кыз жигит сармердени" өткөрүлмөк. Мугалим окууга кеткендиктен өз убагында аткарылбай кийинки чейрекке жылдырылды. 3- чейрек башталганда кезектеги отурум болду да анда аткарылбай калган иштерди аткаруу тапшырылды. 7- класска предметник мугалим Ч.А.Сариева "Тактоочтор" деген темада ачык сабак өттү.

"Кыргыз тилим кылымдарды карыткан эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан" аттуу аталыштагы 5-6- класстар арасында Кыздар-балдар сармердени болуп өттү. Сармердендин жүрүшү көрүүчүлөр тарабынан мактоого татыды. Ал эми 21-февраль "Бүткүл дүйнөлүк эне тил күнүнө

карата көркөм окуу сынагы 3 тилде болду. Ырдан тышкары 3 тилде макал-лакап табышмак жаңылмач айтышып жомок аткарууга да жетишишти.

Март айында БИМ дин жарлыгы боюнча мезгилсиз каникул башталып калды. 4-чейректи онлайн окуу болду. Башталгыч класстардын кыргыз тили боюнча билим сапатын текшерүү онлайн-тест 22-25- апрелдерде жүргүзүлдү. Жыйынтыгы:

| 2-а класс | 2-б класс | 3-а класс | 3-б класс |
|---|---|---|---|
| Баардыгы- 24 ок | баардыгы-21 | баардыгы-19 | баардыгы-18 |
| Жазды 24 ок | жазды-19 | жазды-18 | жазды-17 |
| “5”-8 | “5”-4 | “5”-3 | “5”-6 |
| “4”-6 | “4”-9 | “4”-10 | “4”-8 |
| “3”-9 | “3”-5 | “3”-2 | “3”-3 |
| “2”-1 | | “2”-3 | |

| 4-а класс | 4-б класс |
|---|---|
| Баардыгы-22 окуучу | баардыгы-24 |
| Жазды-22 | жазды-23 |
| “5”-8 | “5”-5 |
| “4”-7 | “4”-12 |
| “3”-7 | “3”-6 |

Апрель айында план боюнча өтүлүүчү “Мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө кошкон салымым” атуу темадагы “Акыл ордо” 5-8- класстарда өтүлмөк, карантин учурундагы кырдаалга байланыштуу, бул иш-чара кийинки окуу жылына жылдырылды. Май айынында жыл бою иштелген иштердин жыйынтыгы кезектеги Бирикменин кеңешмеде каралып, окуу программасынын аткарылышы каралды.

Шабдан Ата атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылына карата SWOT анализи.

| Мүмкүнчүлүктөрү | Коркунучтары |
|---|---|
| "Кыргыз тили кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан" аттуу кыз-жигит сармерденин өткөрүү | ТСОнун жетишсиздиги |
| Манасчылар конкурсун өткөрүү | Манастануу кружогунун жоктугу |
| Тажрыйба алмашуу боюнча семинарларга катышуу | Жаш адистердин мектептен качышы |
| Кыргыз тили жана адабияты жумалыктарын жогорку деңгээлде өткөрүү | Убакыттын жетишсиздиги |

Шабдан Ата атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылына карата SWOT анализи

| Күчтүү жактар( ийгиликтер) | Алсыз жактар( кемчиликтер) |
|---|---|
| Олимпиаданын жеңүүчүсүн Ба[illegible]бекова Айтурганды облустук турга даярдоо | Музыкалык аспаптардын жоктугу |
| Акын-жазуучулардын юбилейлерин белгилөө | Адабий китептердин толук эместиги |
| Усулдук кабинеттин түзүлүшү "Ниязалиев Абаскан" атындагы адабият класс бөлмөсүнүн ачылышы. | Класс бөлмөлөрүнүн жабдылышын дайыма жаңылай албастыгы |
| Окуучулардын сөз байлыгын, сүйлөө кебин өстүрүү | Телефонго ыктап бараткандыгыбыз |

Шабдан Ата атындагы орто мектебинде 2019-2020-окуу жылына карата тарых, география, коом, сүрөт, технология жана дене тарбия боюнча усулдук бирикмесинин жыл ичинде аткарган ишинин

Маалымдамасы

Усулдук бирикменин 30-августунда жаңы окуу жылына карата биринчи отуруму өткөрүлдү. Отурумда усулдук бирикменин жетекчиси А.А.Карагулова 2018-2019-окуу жылында аткарылган иштин отчетун угузду. Аткарылбай калган иштерди жаңы окуу жылындагы планга киргизүүнү сунуштады.

2019-2020-окуу жылына карата кандай иштерди аткаруу керек экендигин баса көрсөтүп кетти. Кемин райондук билим берүү бөлүмүнөн келген буйруктун негизинде ар бир предмет боюнча декаданы кайсы айда өтө тургандыгы так көрсөтүлгөн. Ошого карата жылдык планга тарых жана география предметтери киргизилди жана мектеп администрациясы тарабынан бекитилди.

Сентябрь айынын биринчи жумасында тарых жанан география предметтеринен старттык тест алынды жана жыйынтыгы чыгарылып окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О. иштер тапшырылды.

"Сабак берүүдө азыркы маалыматтык технологияларды, элетрондук билим берүү ресурстарын колдонуу" деген темада семинар өтүлдү. УБнин мүчөлөрүнө атайын маалыматтык технологияларды жакшы өздөштүрүү үчүн мамлекеттик деңгээлде (Балажан) 3 күн окутуп жаткан курстага баруусу сунушталды.

Октябрь айында дене тарбия мугалимдери жогорку класстар арасында футбол оюну боюнча мелдеш өткөрүштү. Кыздар арасында 9-б-класстын, ал эми балдар арасында 11-класстын окуучулары 1-орунду багындырышты. Мектеп громатасы менен сыйланышты.

Тарых предмети боюнча он күндүк декада 10-октябрда башталды. Иш план түзүлүп администрация тарабынан бекитилди.

**11-октябрда** "Ким биринчи" таймашы (8а,8б-кл.арасында) уюштурулду. Бул оюн спорт менен байланышта өткөрүлдү. Класстар эки топко бөлүнүшүп,топ ийлеп, скакалка секирип жарышып келип тесттик суроолорго , карточкадагы суроолорго жооп берип жатышты. Ошондой эле тарыхый инсандардын да сүрөттөрүн таап ,алар тууралуу кыскача маалымат айтып берип жатышты. Таймаштын соңунда 8а-класстын окуучулары жеңишке жетишишти.

15-октябрда "Ким миллионер болгусу келет" оюну 5-11- класстын мыкты окуучуларынын арасында өткөрүлдү. Атайын слайд түзүлүп, суроолор көрсөтүлүп жатты. Берилген суроолор көбүнчө дүйнө тарыхынан даярдалган. Кызыктуу жана логикалык суроолор берилди. Натыйжада ,10-класстын окуучусу Аманкулов Арсен жеңишке жетти.

17-октябрда "Байркы Индия" дген темада ачык саат 10а-класска өтүлдү. Окуучулар топтордо , жекече иштешти. Карта менен иштешти. Сабак кызыктуу уюштурулду. Окуучулар да активдүү катышышты.

25-октябрда Т.Усубалиевдин 100 жылдык маарекесине карата "Өмүрү өрнөк инсан"аттуу иш- чара уюштурулду.Иш-чарага 1-11-класстын окуучулары

активдүү катышышты. Бул иш-чарага Кемин райондук админ.акимдин жардамчысы А.Зарылбековна жана билим берүү бөлүмүнөн А.Кубанычбекова жана райондук мектептерден оргонизаторлор, тарыхчылар келип катышышты. Т.Усубалиевдин эмгек жолу тууралуу сценкаларды окуучулар аткарып беришти. Ыр саптарын ,накыл сөздөрдү, насаат ырларды да айтышты.
Соңунда концерттик программа көрсөтүлүп, иш-чара жыйынтыкталды. Келген коноктор ыраазычылык билдиришип, жакшы каалоо-тилектерин айтышты.

Усулдук бирикме мүчөлөрү менен 30-декабрда отурум өткөрүлдү. Отурумда усулдук бирикменин 2019-2020-окуу жылында 2-чейрекке аткарылган иштин отчету угузулду.

Ноябрь айында тарых жана география предметтери боюнча мектеп ичинде олимпиада өткөрүлдү. Олимпиаданын тапшырмалары бир жума эрте түзүлүп, усулдук бирикмеде каралып, текшерилди. Олимпиадага 5-11-класстардын тарых жана география предметине кызыккан бардык окуучулар активдүү катыша алышты. Натыйжада , райондук олимпиадага 10-11-класстар арасында 1-орунга татыктуу болгон окуучулар жөнөтүлдү. 10-класстын окуучусу Аманкулов Арсен тарых предмети боюнча 3-орунду багындырып келди.

"Ырдайлы кыргыз ырларын" атуу иш-чара декабрь айында өткөрүлбөй калды.

География предмети боюнча он күндүк декада 2-декабрда башталды. Иш план түзүлүп администрация тарабынан бекитилди. География предмети боюнча он күндүк декаданын ачылышы мектеп линейкасында өткөрүлдү.

"Жаратылышты өрттөн сактайбыз" аттуу дубал газета сынагы 6-11-класстар арасында өткөрүлдү. Бардык класстар активдүү катышып беришти. Жеке тарткан сүрөт боюнча 1-орунга 5-а-класстын окуучусу А.Асанбековдун иши татыктуу болду. Класстар арасында 8-а-класстын иши 1-орунга чыкты.

4-декабрь күнү К.Ырсалиев ар бир класстан география предметин жакшы билген окуучуларды чогултуп, контур карта толтуруу боюнча сынак уюштурду. 1-орунга 11-класстын окуучусу А.Мамбетов татыктуу болду. Андан тышкары 6-9-класстарга "Кыргызстандын климаты", "Экология Кыргызстана" деген темаларда реферат жазуу боюнча тапшырмалар берилди. Натыйжада, 6-б классы-нын окуучусу А.Тыныбекова жана 9-б классынын окуучусу К.Жолдошканова жазган рефераттар "Жакшы" деп табылды.

"Австралия мамлекети" деген темада ачык сабакты 7-класска өтүп берди. Сабак Австралиянын жаратылышын жана жаныбарларын чагылдырган сүрөттөр менен жабдылган. Окуучулар дүйнөлүк карта жана контур карта менен жекече иштеп жатышты. Мугалим өз предметин жакшы билгендиктен теманы окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүп берди.

9-а, 9-б-класстарында тарых, география, коом, чийүү, дене тарбия предметтери боюнча 9-13-декабрга чейин текшерүү жүргүзүлдү.

1. 9-а-класста бардыгы 15 окуучу.

1-чейректин жыйынтыгы менен сабактар боюнча билим сапаты:
Дене тарбия -100%, чийүү-46%, коом40-%, соңку тарых-26%,

Кырг.тарыхы-26%, география-53%.
Дене тарбия сабагыан Айдралиев Токтобек сабак берет. Окуучулар бул сабакка кызыгышат жана бардыгынын формалары бар. География, тарых китептеринин сакталышы жакшы. Окуу куралдарын толук алып келишет. Тарыхтан колдонмо дептер колдонушат. Географиядан атлас бардык окуучулардыкы бар.
Чийүү сабагынан Бозумов Сабырбек сабак берет. Бул сабакта бардык окуучулардын колдонуучу куралдары бар.

Тарых жана география сабактарынан тест алынды. Натыйжада , төмөнкүдөй жыйынтык чыкты. Бардыгы 15 окуучу. 14 окуучу тест жазды. 9а-класстан "4"-5 окуучу, "3"-9 окуучу жазган. Б/С тарыхтан-35% түздү.

Географиядан тести болгону 8 окуучу жазган. Эң төмөнкү көрсөткүчтү көрсөтө алышты. Билим сапаты -0%; Жетишпейт 62%. "4" жана "5" деген баа алган окуучулар жок.

2. 9-б-класста бардыгы 13 окуучу.1-чейректин жыйынтыгы менен төмөнкү сабактар боюнча билим сапаты:
дене тарбия-100%, чийүү-100%, география-62%, коом-75%,
соңку тарых-66%, Кырг.тарых-79%.

Географиядан 19 окуучу тест жазды. Билим сапаты 73% түздү. Жетишпейт 5.2%.
Тарыхтан "4"-10 окуучу, "3"-11 окуучу жазды.Билим сапаты 73% түздү.
Окуу куралдары бар. Соңку тарых китеби программага дал келбейт.
Тарыхтан колдонмо дептер пайдаланышпайт. Географядан бардык окуучулардын атласы бар.

III-чейректе аткарылган иш-чаралар тууралуу усулдук бирикменин мүчөлөрү менен онлайн-отурум өткөрүлдү.

Январь-февраль айынын башында жогорку класстардын арасында баскетбол боюнча таймаш болду. Бул таймашты дене тарбия мугалимдери А.Бейшенбаев жана Т.Айдралиев уюштурду. Эркек балдар арасында, I-орунга 11-кл. II-орунга 10-а кл. III-орунга 9-б кл. татыктуу болду. Кыз-балдар арасында болсо, I-орунга 11-кл. II-орунга 9-б кл. III-орунга 10-б кл.

23-февраль Ата Мекенди коргоо күнүнө, 3-5 март КР желек жана Ак калпак күнүнө жана 8-март Бүткүл дүйнөлүк Эл аралык аялдар күнүнө карата сүрөт мугалими С.Бозумов сүрөт сынактарын уюштуруп турду. Байгелүү орунга татыктуу окуучулар аныкталып, линейка учурунда мектеп грамоталары берилди.
